Ата-энелер баланы туура тамактандырууга үйрөнөт

"Мерсико" уюму (Ыйрайымдуулук корпусу-Мегсу Corps) Кыргызстанда үй шартында балдардын тамактануусун жакшыртуу маселеси боюнча өлкөдөгү 13 миң ата-энени окутууну пландоодо. Бул тууралуу аталган уюмдан билдиришти.

2001-жылдан бери "Мерсико" өлкөдөгү балдардын тамак-ашын жакшыртууну колдоого алып келет. Учурда уюм өлкөдөгү 70 башталгыч мектеп менен 143 бала бакчага ун, күрүч, өсүмдүк майын тапшырды. Наристелер жана бакчага бара элек балдарды үйдөн жакшы, витаминдүү тамак-аш менен камсыздоо абдан маанилүү. Быйыл коом бул жаатта жалпы 13 миң ата-энени окутат. **АЙЗАДА КАСЫМБАЕВА**

Бишкекте үч эм төрөлдү

Үстүбүздөгү жылы 29-февраль күнү Бишкек шаарындагы №4 төрөт үйүндө О.Айзада аттуу жаран үч эмди (3 кыз) жарыкка алып келди. Бул тууралуу аталган мекеменин бөлүм башчысы Чынара Бектурсунова билдирди. Анын айтымында, операция ийгиликтүү өткөн. "Эгиздердин биринчисинин салмагы 2 кг 570 грамм, бою 46 см, экинчисиники 2 кг 60 грамм, бою 42 см, ал эми үчүнчү кыздын салмагы 2 кг 425 грамм, бою 45 см. Ымыркайлар учурда жандандыруу бөлүмүндө, бирок абалдары жакшы", - дейт ал.

Айзада борбор калаадагы мектептердин биринде мугалим, ал эми жолдошу Свердлов салык инспекциясынын кызматкери болуп эмгектенишет. Алардын дагы 4 уулу бар. **АЙЗАДА КАСЫМБАЕВА**

ZAMAN

4-МАРТ 2016-ЖЫЛ САН:№9 (1142)

ГЕЗИТ ЭЭСИ: ОСОО «ZAMAN КЫРГЫЗСТАН»

ГЕН.ДИРЕКТОР ЖАНА БАШЫ РЕДАКТОР: АЙДЫН ПАЗАРЖЫ

Башкаруучу директор: АБДЫКЕРИМ МУРАТОВ

Башкаруучу редакциянын жоопкерчилиги: АЙМИРА МЕНДЕБЕКОВА

Редакция: АЙЗАДА КАСЫМБАЕВА

Дизайнер: РУСТАМ ОБОЛБЕКОВ

Сүрөт, экономика, кабарлар бөлүмү: МЭЭРИМ ИСХАКОВА КУБАНЫЧБЕК МАМАТАЛИЙУУЛУ БЕКЧАН АСАНОВ БЕКНАЗЫ КАЙЫПБЕК УУЛУ

«APPLE» Реклама агентиги: ЭРЛАН МУСАБАЕВ

ГЕЗИТ ЭЭСИ: ОСОО «ZAMAN Кыргызстан». Редакциянын дареги: Бишкек шаары, Чуй көч.209 Т.сайт. Телефондор: (0312) 61 46 42-61 46 48. Факс: 61 46 20 E-mail: zamanfax@hotmail.com, zamanbk@gmail.com «APPLE» РЕКЛАМА АГЕНТИГИ: 61 46 48

КАРАКОЛ: Юрий Гагарин көч. 30/40, моб: 0553 98 00 36

ОШ: Кыргызстандын ОШ шаары, (99) моб: (077) 58 46 00/ zaman.osh@yahoo.com

МАЛАЙСИЯ: моб: (077) 47 15 61 МАРКИ: моб: 0772 41 56 77

Индекс: 64444 Нускасы: 2 750 Бейбуусу № 489

Жусуп Турусбековдун чөбөрөсү Исмаил көчөдө калды

Белгилүү драматург Жусуп Турусбековдун неберелери үй-жайсыз көчөдө калды. Бул тууралуу укук коргоочу Турсунбек Акун билдирди. Анын айтымында, Ж.Турусбековдун небереси Жаңыл Турусбекова менен анын уулу Исмаил Турусбеков акыйкатка жетүү үчүн бир канча сот органдарга кайрылышкан, бирок натыйжа чыккан эмес. Мурас боюнча үй жазуучунун чөбөрөсү Исмаилге тиймек.

АЙЗАДА КАСЫМБАЕВА

Ж.Турусбекова бала кезинде атасы Күлчоро Турусбеков, апасы Турсунай Турусбекова, чоң апасы Гүлсүн Турусбекова менен чогуу Бишкек шаарындагы Киев №161 көчөсүндө жайгашкан 4 бөлмөлүү үйдө жашашкан. Укук коргоочу Исмаилдин таекеси Рамза Исхаков жээни 15ке чыкканда үйдөн куун, батирди өзү ээлеп алгандыгын айтты. Учурда ал фура айдап Казакстанга барып-келип иштеп жүрөт. Ызы-чууга түшкөн үйдү Рамза эч кимдин уруксаты жок 2014-жылы чоң суммага сатып жиберген. "Ж.Турусбековдун жалгыз уулу Күлчоро аял"ы каза болгондон кийин дунган улутундагы Шохуар Исхаковага үйлөнгөн. Экөөнүн ортосунда бала жок болгондуктан алар Исмаилди багып алышкан. Күндөрдүн биринде Күлчоро үйдөн чыгып кеткен боюнча кайтып келген эмес. Ж.Турусбекова Араб эмираттарына иштегенге кеткен. Үйдө Шохуар кичинекей Исмаил, Гүлсүн апа менен калган, ошентип Гүлсүн апа батирди келини Шохуарга калтырып, мурас кагазын жазып кетет",-деп түшүндүрдү Т.Акун. Ш.Исхакова каза болорунда бүт туугандарын чогултуп, иниси Рамзага Исмаилди тапшырып, ал чоңойгончо үйдү убактылуу инисине белек кылып өткөрүп жаткандыгын, кийин ал бойго жеткенде үй сотторго кайрылганы менен Исмаилге өтө тургандыгын кереэз кылып айтып кеткен. Бирок эжесинин көзү өткөндөн кийин Рамза жээнин сыртка чыгарып койгон. "Таенем каза болгондо таекем мага "сенин өзүндүн, менин өзүмдүн жашоом бар" деп көчөгө чыгарып койгон, үйдүн кулпусун өзгөртүп салган. Ошентип өгөй энемдин иниси үйдү ээлеп калган",-дейт Исмаил.

"КООМЧУЛУК КАЙДЫГЕР КАРАБАЙЛЫ"

Учурда Исмаил 23 жашта. Ал бута чейин ар кайсы туугандарынын үйүндө жашап жүргөн. Кийин үйлөнгөн соң ал өз батирине болгон укугун коргоо үчүн сотторго кайрылганы менен жыйынтык болгон эмес, анткени кыймылсыз мүлк Р.Исхаковдун наамына жазылган. Исмаилдин туугандарынын айтымында, Рамза байланышка чыкпайт. Ал тургай апар бир нече ирет Рамза жашаган Мелян-фанга чейин барып келишкен, бирок ал түрдүү себептерди айтып жолугушуудан качып келет. "Бул маселени кыргыз коомчулугу менен бирге чечсек. Бута көз жумсак анда Ч.Айтматов, И.Раззаков сыяктуу улуу инсандарыбыздын дагы үйлөрүн тарттырып жиберебиз. Коомчулук кайда баратабыз? Эгер биз залкарларыбыздын укугун коргой албасак анда ата-бабаларыбыз бизди кечирбейт",-деп укук коргоочу коомчулукка кайрылды.

Эки университетте гана коррупция жок

Кыргызстанда коррупция аралабаган эки гана жогорку окуу жай бар. Мындай маалыматты жыйында Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин кафедра башчысы Айнура Арзыматова билдирди.

Анын айтымында, Борбордук Азиядагы Американдык университети менен Кыргыз-түрк "Манас" университетинде гана коррупция жок. «Калган баардык окуу жайларда коррупция бар. Паракорчулук мугалимдердин айлык акысы аз болгон ЖОЖдордо болот дегендик бир аз туура эмес. Анткени Кыргыз-Орусия славян университетинде окутуучулардын маянасы жогору экенине карабастан ал жакта коррупция көп.

Биздин университет паракорчулукту жоюу боюнча реформа өткөрүп жатат, ал натыйжасын берерине ишенебиз», - деп кошумчалады ал. **АЙЗАДА КАСЫМБАЕВА**